КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

01.03.2024 № 319/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Кыргыз Республикасындагы менчигинин формасына карабастан бардык түрдөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө Жобону бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Конституциялык Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-сентябрындагы №541 токтому менен бекитилген Жалпы билим берүү уюмдары жөнүндө типтүү жобонун негизинде билим берүүнүн негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү программаларын өздөштүргөн окуучулардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасындагы менчигинин формасына карабастан бардык түрдөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаменти, Ош шаардык билим берүү башкармалыгы, шаардык/райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилери аталган жобонун негизинде жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрсүн.
3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 11-мартындагы № 939/1 "Билим берүүнүн негизги жалпы орто билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" буйругу күчүн жоготту деп эсептелсин.
3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары М.У. Касымалиевге жүктөлсүн.

**Министр** **Д.Ш. Кендирбаева**

КАНЦЕЛЯРИЯ

Көчүрмө ... 01.03.2024